**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Isкhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Isкhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылыш кезектеги 4-сессиясы**

# ТОКТОМ №24

**25.02. 2025-жыл.** **Жениш айылы.**

**Таштандылардын тарифине кошумча толуктоолор киргизүү жана стоянканын тарифин бекитүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылыш кезектеги төртүнчү сессиясына сунушталган, муниципалдык ишкананын жетекчиси А.Абдырахмановдун билдирүүсүн угуп, Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясынын чечимин талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. “Исхак-Полотхан” муниципалдык ишканасынын күнүмдүк тиричиликтен чыккан катуу таштандылардын тарифине кошумча толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилсин (Тиркеме тиркелет).

2. “Баяман баатыр” базарынын алдындагы айыл өкмөттүн муниципалдык жериндеги стоянканын тарифи, жеңил унаалар үчүн 20сом, жүк ташуучу унаалар үчүн 50сом, оор жүк ташуучу унаалар үчүн 100сом өлчөмүндө бекитилсин.

3. Токтомду аткарууга алуу жагы, “Исхак-Полотхан” муниципалдык ишкананын жетекчиси А. Абдырахмановго жүктөлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык, ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы, айылдык кеңештин жооптуу катчысы А.Араповага милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Г.Матажиев**